***Баткен облустук  мамлекеттик статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## ***январь-февраль***

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

## *Баткен-2020*

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Насиров М.Ж.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Эргешов М.Ы.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2020-жылдын январь-февраль айындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тарамдарда, кагаз түрүндө, магнитик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Мамлекеттик статистика жөнүндө Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2020-жылдын 12-марты.

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## *М А З М У Н У*


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы…………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор………………………………………………………*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор………………………………………………………*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым…………………………………………………... | 7 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу……………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу……………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы………..……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 11 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор…………..……………………………………*** | ***13*** |
| | Финансы……………………………………………………………. | 13 |
| ***V*** | ***Социалдык сектор……………………………………………………..*** | ***14*** |
| | Турак жай курулушу……………………………………………...... | 14 |
| | Демографиялык жагдай……………………………………………. | 14 |
| | Калктын оорулары....................................................................................... | 14 |
| | ***Тиркеме……………………………………………………………….*** | ***16*** |

## *ОБЛУСТУН 2020- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ - ФЕВРАЛЬ АЙЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2020-жылдын январь-февраль айында 485209,6 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 110,7 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2020-жылдын январь айында 1134,9 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 100,9 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айында 87793,5 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу баада 102,8 пайызды түздү.

2020-жылдын январь-февраль айында турак жай курулушунда жалпы аянты 5569,0 чарчы метр болгон 51 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-февраль айынын денгээлине салыштырмалуу 86,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 59795,4 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айларында 215,7 миң тонна жүк ташылып, 2020-жылдын январь-февраль айларына салыштырмалуу 100,4 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 39791,1 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,2 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь-февраль айында 2400386,6 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь-февраль айынын денгээлинен 10,9 пайызга жогорулаган.

2020-жылдын январь-февраль айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2009248,2 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2019-жылдын январь-февраль айынын деңгээлинен 6,1 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-февраль айында 391138,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,5 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын февраль айын өткөн жылдын февраль айына салыштырганда 106,6 пайызды, ал эми ушул жылдын февраль айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 99,8 пайызды түздү.

Облус боюнча 2020-жылдын январь айында бир айлык орточо эмгек акы 12354,3 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 18,6 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь айында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу кургак учук, бактериялуу дизентария, жаныбарлардын тиштеп алуусунун төмөндөшү жана өткүр респиративдүү ооруулардын, вирустуу гепатит, бруцеллез, котур, педикулез ооруларынын өсүшү менен мүнөздөлдү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2020 ж. январь-февраль айларында | 2020ж февраль айы 2019ж февраль айына карата пайыз менен | 2020-жылдын январь-февраль айлары 2019-жылдын январь-февраль айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 485209,6 | 131,9 | 110,7 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 1134,9 | 101,5 | 100,9 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 87793,5 | 119,6 | 102,8 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 5569,0 | 116,0 | 86,9 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 215,7 | 100,4 | 100,4 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 39791,1 | 101,2 | 101,2 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү- бардыгы, миң сом | 2400386,6 | 103,2 | 110,9 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 2009248,2 | 114,3 | 106,1 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 391138,4 | 115,4 | 107,5 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 12354,3[1)] | 118,6[2)] | 118,6[3)] |

***[1)] 2020ж.январь***
***[2)] 2020ж. январь***
***[3)] 2020ж. январь***

***Өнөр жайы.*** Облус боюнча 2020-жылдын январь-февраль айында 485209,6 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 110,7 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 165645,9 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 34,1 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 126954,1 миң сомду же 26,2 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 178554,1 миң сомду же 36,8 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 14055,5 миң сомду же 2,9 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-февраль айында 126954,1 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 81,2 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айында 74952,6 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-февраль айына салыштырмалуу 79,8 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Сүлүктү шаары 4013,3 тоннага, Баткен району 1324,6 тоннага көп казып алган. Ал эми Кадамжай району өткөн жылга салыштырмалуу 24334,9 тоннага аз казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 165645,9 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 135,0 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 87022,8 миң сомду (көлөмдүн 52,5 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 6598,4 миң сомду (көлөмдүн 4,0 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 4525,7 миң сомду (көлөмдүн 2,7 пайызын), химия өндүрүшү 19877,5 миң сомду (көлөмдүн 12,0 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 23617,5 миң сомду (көлөмдүн 14,3 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 8559,0 миң сомду (5,2 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 15445,0 миң сомду (9,3 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айында өткөн жылдын январь-февраль айына салыштырмалуу 115,5 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 6,1 пайызга, жаңы бышкан нан 0,6 пайызга, иштетилбеген мунайзат 26,3 пайызга, эт азыктары 59,2 пайызга, балмуздак 2,0 эсеге, электр энергиясын бөлүштүрүү 8,6 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 12,1 пайызга, сымап өндүрүү 90,7 пайызга, кондитердик азыктар 6,2 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 7,1 пайызга, килем 12,5 пайызга өскөн. Ал эми өсүмдүк майын өндүрүү 0,5 пайызга, аялдардын тигилүү кийими 1,2 пайызга, таш көмүр өндүрүү 20,2 пайызга, тазартылган күрүч 0,9 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 33,2 пайызга төмөндөгөн.

*2020-жылдын январь-февраль айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 6598,4 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-февраль айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 85,8 пайызды, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 19877,5 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 190,9 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-февраль айында 5837,5 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-февраль айына салыштырганда 2,0 эсени түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-февраль* айында 178554,1 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 108,6 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 14055,5 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 122,6 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы (жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***__Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.__*** 2020-жылдын январь-февраль айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 1134,9 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 100,9 пайызды түздү**.**

Үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айларында 4493,4 тонна эт, 9826,6 тонна сүт, 1070,1 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,6 пайызга, сүт өндүрүү 0,5 пайызга, жумуртка өндүрүү 5,0 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 0,3, Кадамжай районунда 0,7, Лейлек районунда 0,6, Кызыл-Кыя шаарында 0,8, Сүлүктү шаарында 1,1 пайызга өскөн. Ал эми Баткен шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,2, Кадамжай районунда 0,6, Лейлек районунда 0,6, Кызыл-Кыя шаарларында 0,3, Сүлүктү шаарында 0,7 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен шаарында сүт өндүрүү өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Кадамжай району 13,4, Лейлек району 0,9 пайызга, Кызыл-Кыя шаары 0,1, Сүлүктү шаары 2,3 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Баткен району жана Баткен шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган.

***Капиталдык салым.*** 2020-жылдын январь-февраль айында 87793,5 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2019-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 102,8 пайызга барабар болду. Капиталдык салымдар Баткен районунда 42,0, пайызга Кадамжай районунда 99,6, пайызга жана Кызыл-Кыя шаарында 2,5 эсеге өсүү болду. Ал эми Баткен шаарында 74,3, Лейлек районунда 7,6, пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын, калктын каражаттары жана республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 97,7 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Облус боюнча 2019 жылдын январь-декабрь айларында тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү 2947,8 миң АКШ долларын түзүп, 2018 жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 21,4 пайызга өскөн. Лейлек районнунда 98,2, Кадамжай районунда 18,1 пайызга өскөн. Ал эми башка район, шаарлар боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялар тартылган эмес.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***Транспорт жана байланыш.*** 2020-жылдын январь-февраль айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 215,7 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-февраль айларына салыштырмалуу 100,4 пайызды түздү.

2020-жылдын январь-февраль айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 1785,5 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 39791,1 миң жүргүнчү-км түздү (2019-жылдын январь-февраль айларына салыштырмалуу 101,2 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2020-жылдын январь-февраль айларында бардыгы жеке адамдардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь-февраль айында 2400386,6 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь-февраль айынын денгээлине салыштырмалуу 10,9 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 2371893,9 миң сом болуп 13,3 пайызга жогорулаган.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айында 1848562,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,6 пайызга жогорулаган.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 1052593,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 0,1 пайызга төмөндөгөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 56,9 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-февраль айында 2009248,2 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 6,1 пайызга өскөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-февраль айында 11380,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,4 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-февраль айында 747422,1 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 23,1 пайызга жогорулаган.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (79,6 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-февраль айында 1599016,3 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 10,2 пайызга жогорулаган.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айында 391138,4 мин сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 107,5 пайызды түздү.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



***<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2020-жылдын 1-мартына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13845 адамды түздү, анын ичинен 11121 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 59 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2020-жылдын 1-мартына карата 519 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 26 адам туура келди.

Облус боюнча 2020-жылдын январь айында бир айлык орточо эмгек акы 12354,3 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 18,6 пайызга өскөн.

Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу кыймылсыз мүлк операциялары тармагы боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2020-жылдын январь айында 177,2 долларды түздү.

2020-жылдын 1-февралына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 31169,3 миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 85,9 пайызын Кадамжай району, 14,1 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




***<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 113,5 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 101,3 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 133,5 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2020 жылдын январь-февраль айында өткөн жылдын январь-февраль айына салыштырмалуу 100,8 пайызды түздү. Ал эми 2020 жылдын февраль айы өткөн жылдын февраль айына салыштырмалуу 101,4 пайызды түздү.

***<u>Баалардын жана тарифтердин индекси.</u>*** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын февраль айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 106,6 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын февраль айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 99,8 пайызды түздү.

Ушул жылдын февраль айында өткөн айга салыштырмалуу макарон азыктары 0,9 пайызга, жумуртка 1,7 пайызга төмөндөп, уйдун эти, койдун эти, жогорку сорт ун, 1-сорт ун, нан, сүт, күн карама майы өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азык-тары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,8 | 100,0 | 100,0 | 109,0 | 100,0 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 98,3 | 100,0 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 15,0 пайызга, сабиз 14,3 пайызга, алма 6,0 пайызга, кургатылган өрүк 6,6 пайызга кымбаттаган. Ал эми картошка, грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,7 | 103,9 | 107,3 | 113,9 | 110,5 | 100,0 |
| февраль | 115,0 | 100,0 | 114,3 | 106,0 | 106,6 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын февраль айында өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарлардын баасынан кийим тигүү үчүн материалдар 0,7 пайызга, үй иричилик буюмдары, тиричилик техника 0,9 пайызга кымбаттаган. Ал эми турак жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 2,2 пайызга, катуу отун 7,6 пайызга, күйүүчү майлоочу материалдар 0,3 пайызга, бензин 0,3 пайызга, фармацефтикалык продукциялар 0,3 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 0,7 пайызга төмөндөгөн, кийимдер, бут кийимдер, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), газета жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2020ж. февраль 2019ж. февралына карата | 2020ж. январь-февралы 2019ж. январь-февралына карата | 2020ж февралы 2020ж январына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 108,4 | 107,6 | 100,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 100,2 | 99,8 | 100,7 |
| Бут кийим | 106,0 | 105,7 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 100,1 | 101,2 | 97,8 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 121,1 | 117,3 | 92,4 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 95,4 | 94,0 | 99,7 |
| Бензин | 94,9 | 93,7 | 99,7 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 100,5 | 99,9 | 100,9 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 100,2 | 101,9 | 99,7 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 104,7 | 104,1 | 99,3 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын февраль айында маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр 0,3 пайызга кымбаттап, жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 0,1 пайызга төмөндөгөн. Ал эми байланыш тейлөөсү, билим берүү тейлөөсү, амбулаториялык тейлөөлөр, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөр, чач тарач тейлөөлөр, укуктук тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2020ж. февраль 2019ж. февралына карата | 2020ж. январь-февраль 2019ж. январь-февраль | 2020ж февраль 2020ж январына карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 97,3 | 96,7 | 99,9 |
| Байланыш тейлөөсү | 98,8 | 98,8 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 100,5 | 100,6 | 100,3 |
| Билим берүү тейлөөсү | 106,4 | 106,4 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 96,8 | 96,8 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 109,6 | 109,6 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




## *Мамлекеттик сектор*

***<u>Финансы.</u>*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2020-жылдын январь айында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 730,5 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 87,2 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 737,4 млн. сомду түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 32,1 пайызга, ал эми чыгашалар 98,9 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2020-жылдын январь айында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2020-жылдын январь айында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 433,0 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 6,8 пайызга өскөн. Патенттин негизиндеги салык 7,2 пайызга, киреше жана пайда салыгы 41,2 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 63,3 пайызга жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 79,1 пайызга пайызга өскөн. Ал эми жер салыгы 23,9 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 19,3 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 2,1 пайызга, соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн түшкөн салык 47,3 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 44,1 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2019-жылдын январь айында жалпы кирешенин 28,1 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2020-жылдын январь айында 14,2 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн товарларды сатуудан жана тейлөө көрсөтүүдөн түшкөн киреше түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 50,2 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 26,5 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 1,9 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2020-жылдын январь айында 4,4 млн. сомду түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 2,0 эсеге өскөн. Чыгашалардын 31,9 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 58,1 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 13,0 пайызы билим берүү тармагына (0,6 млн. сом) жумшалган.

## Социалдык сектор

***Турак жай.*** 2020-жылдын январь-февраль айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 5569,0 чарчы метр болгон 51 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-февраль айынын деңгээлине салыштырмалуу 86,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 59795,4 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Демографиялык жагдай.*** 2020-жылдын январь айында Баткен облусу боюнча 1227 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 82 балага азайган), же калктын 1000 не 21,7 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 238 адам өлгөн (2018-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 32 адамга көп), же калктын 1000 не алганда 5,2 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 989 адамды, же 1000 кишиге 21,7 түздү.

2020-жылдын январь айында 23 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 18,7 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 2 балага көбөйгөн.



***<u>Калктын ооруулары</u>***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-февраль айында облуста *ичеги-карын ооруларынан* бактериялуу дизентерия менен 2 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 71,4 пайызга, ичегинин өткүр инфекциясы 152 оорулуу катталып, 26,9 пайызга төмөндөгөн, бактериялуу минингит, салмонелез инфекциясы катталган эмес.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 246 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 38,2 пайызга өскөн, анын ичинен гепатиттин В түрү менен 4 оорулуу катталып 60,0 пайызга, эпидемиялык паротит 1оорулуу катталып, 97,9 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан* бруцеллез оорусу менен 8 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,7эсеге, эхинококкоз оорусу 4 учурга көп катталган. Ал эми, жаныбарлардын тиштеп алуусу 30,1, аскаридоз 33,4 пайызга азайган.

*Паразитардык оорулардын* саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу педикулез ооруусу менен 6, котур ооруусу 12, инфекциялык ВИЧ 7 учур көп катталган. Ал эми сифилис менен 2, гонорея менен 2 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 77,8 жана 50,0 пайызга төмөндөгөн.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 6255 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 34,1 пайызга, кургак учук менен ооруган 54 адам катталып, 15,9 пайызга өскөн. Кургак учук менен ооругандардын саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Кызыл-Кыя шаарында 60 пайызга төмөндөп, Лейлек районунда 7 учурга, Сүлүктү шаарында 3 учурга көп катталган. Ал эми Баткен, Кадамжай райондорунда, Баткен шаарында өткөн жылдын дэңгээлинде болду.

***Облмамстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***М. Насиров***

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………......................……….............. | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...........................................………............. | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ………………………………. | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………. | 19 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..…………………………......... | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 7 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 8 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………….………….. | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү........................................ | 21 |
| 10 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык иштердин көлөмү февраль (мин сом)……. | 21 |
| 11 | Тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү, аймактар боюнча, январь-декабрь 2019-жыл.................................................... | 22 |
| 12 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы, январь-февраль 2020-жыл, иш жүзүндөгү баада……..……………………………………………… | 22 |
| 13 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү январь-февраль 2020-жыл................................................ | 22 |
| 14 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча Январь-февраль 2020 жыл……………………… | 23 |
| 15 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши Январь-февраль 2020-жыл…………………… | 23 |
| | Транспорт | |
| 16 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………..…………………………. | 24 |
| 17 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү … | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 17 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………….. | 25 |
| 18 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............………........ | 25 |
| 19 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү………….…………………………………… | 26 |
| 20 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү……………………………………. | 26 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.... | 27 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо | 27 |
| 23 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)............................................................................................................................. | 28 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 28 |
| 25 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча) | 29 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү………………………………………………….. | 29 |
| 27 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)…………………….. | 30 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 28 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 31 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары-январь……… | 32 |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу…………………………………………………………………………….. | 32 |
| 31 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны……………………………………………………… | 33 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| | Социалдык сектор | |
| 36 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү………………….……………………………….. | 36 |
| 37 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы……………………………………… | 36 |
| 38 | Жаш балдардын өлүмү…………………………………………………………………………………… | 36 |
| 39 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы….… …..…………………………………………. | 36 |
| 40 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны………….…………………………………………… | 37 |
| 41 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы………..…………………………………………… | 37 |
| 42 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………… | 37 |

***Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-февраль***

( миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***494278,4*** | ***485209,6*** | ***110,7*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***183561,6*** | ***126954,1*** | ***81,2*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 163036,2 | 115457,3 | 79,8 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 19212,6 | 11321,8 | 126,3 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 1312,8 | 175,0 | 16,5 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***139502,5*** | ***165645,9*** | ***135,0*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 69792,3 | 87022,8 | 115,5 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 69792,3 | 87022,8 | 115,5 |
| -тамеки өндүрүү | - | - | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 7590,3 | 6598,4 | 85,8 |
| -текстил өндүрүшү | 626,0 | 661,2 | 105,6 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 6892,9 | 5865,8 | 79,3 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 71,4 | 71,4 | 100,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 4967,2 | 4525,7 | 120,7 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 4832,2 | 4384,7 | 120,8 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 135,0 | 141,0 | 92,5 |
| 4. Химия өндүрүшү | 14024,7 | 19877,5 | 190,9 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 23086,1 | 23617,5 | 83,6 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 5130,1 | 8559,0 | 203,2 |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | - | - | |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 14911,8 | 15445,0 | 104,7 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***159282,0*** | ***178554,1*** | ***108,6*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***11932,3*** | ***14055,5*** | ***122,6*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү
январь -февраль (миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***494278,4*** | ***485209,6*** | ***131,9*** | ***110,7*** |
| Электр энергиясыз | 334996,4 | 306655,5 | 143,2 | 111,5 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 12774,9 | 10530,1 | 187,7 | 121,3 |
| Кадамжай | 156792,9 | 115236,2 | 124,9 | 80,2 |
| Лейлек | 37003,3 | 31837,4 | 117,3 | 118,7 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 164334,2 | 187793,9 | 106,2 | 108,3 |
| Электр энергиясыз | 5052,2 | 9239,8 | 106,1 | 104,8 |
| Кызыл-Кыя | 43848,2 | 46603,6 | 101,7 | 102,3 |
| Сүлүктү | 79524,9 | 93208,4 | 103,7 | 109,4 |

***Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү***

| | Өлчөө бирдиги | 2019 | 2020 | 2020ж. январь-февраль айы 2019ж. январь-февраль айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | Январь-февраль | | |
| Таш көмүр | тонна | 93951,7 | 74952,7 | 79,8 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 360,0 | - | - |
| Бут кийим | жуп | 188,0 | 188,0 | 100,0 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 79,9 | 127,2 | 159,2 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | - | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 888,2 | 950,9 | 107,1 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 19,1 | 19,0 | 99,5 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 1408,4 | 1416,7 | 100,6 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 11833,8 | 12556,6 | 106,1 |
| Сурьма металы кошулма | % | | | |
| Сымап | % | - | - | 190,7 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 607,0 | 680,4 | 112,1 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 196,0 | 194,2 | 99,1 |
| Кондитер азыктары | тонна | 85,2 | 90,5 | 106,2 |
| Килемдер | даана | 24,0 | 27,0 | 112,5 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | - | 9,1 | - |
| Балмуздак | тонна | 0,4 | 0,8 | 200,0 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 5840,0 | 3902,0 | 66,8 |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 4071,0 | 4022,0 | 98,8 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 1,9 | 2,4 | 126,3 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 73021,6 | 79275,2 | 108,6 |

***Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү***

2020-жылдын январь-февралы

| | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***93951,7*** | ***74952,7*** | ***79,8*** | ***360,0*** | ***-*** | ***-*** | ***79,9*** | ***127,2*** | ***159,2*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 1450,0 | 2774,6 | 191,4 | 360,0 | - | - | 10,5 | 10,8 | 102,9 |
| Кадамжай | 53716,1 | 29381,2 | 54,7 | - | | | 9,0 | 55,0 | 611,1 |
| Лейлек | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 20,0 | 21,0 | 105,0 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 40,4 | 40,4 | 100,0 |
| Сүлүктү | 38783,6 | 42796,9 | 110,3 | - | - | - | - | - | - |

| | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***1408,4*** | ***1416,7*** | ***100,6*** | ***888,2*** | ***950,9*** | ***107,1*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 24,0 | 26,0 | 108,3 | 638,2 | 639,2 | 100,2 |
| Кадамжай | 595,4 | 599,4 | 100,7 | 208,0 | 240,0 | 115,4 |
| Лейлек | 129,5 | 130,5 | 100,7 | 42,0 | 71,7 | 170,7 |
| шаарлар: | | | | | | |
